**ЖАЙЫЛ РАЙОНДУК**
**БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
Жайыл негизги мектеби
724405 Жайыл айылы
Центральная көч.27
ИНН02004200410094
Тел 7-01-95

**ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОННЫЙ**
**ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
Основная школа Жайыл
724405,с.Жайыл,
ул.Центральная 27
ИНН 02004200410094
Тел 7-01-95

**2021-2022- окуу жылында Жайыл негизги мектебинде 1-7- класстардын окуучуларынын билим берүү процессин реалдуу режимде башталган учурда коронавирус инфекциясынын жайылышынын алдын алуу боюнча**

# АЛГОРИТМИ

| Талаптар | Талаптарды аткаруунун шарттары |
|---|---|
| **Кирүү фильтрин уюштуруу** | Жайыл негизги мектебинде санитардык гигиеналык, эпидемияга каршы иш чараларды (КОВИД-19) сактоо боюнча алгоритм менен мектеп жамааты таанышты.<br>- Ар бир келген адам үчүн антисептик менен колду тазалоо, температураны өлчөө менен бардык кызматкерлердин жана окуучулардын дене табын өлчөө үчүн жооптуу болуп дежур мугалимдер дайындалган.Окуучулардын дене табын өлчөө үчүн журнал уюштурулган.<br>- Мугалимдердин дене табын текшерүү боюнча да журнал уюштурулган.Бул ишке жооптуу мектеп директору.<br>- Дене табы жогору болгон жана курч респиратord ук оорунун белгилери байкалган мугалим жумуш ордунан убактылуу четтетилет.(оорусу жугуп калбоо үчүн)<br>- Эгерде ушундай эле көрүнүш окуучуда байкалса тезинен ата-энесине кабарлап, аларды дайындап үйүнө жөнөтүү жагы класс жетекчилерге милдеттендирилген. |
| **Имаратка жана жайларга карата талаптар** | Жайыл негизги мектебинде дезинфекциялык иштердин болуп туруусун көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлгөн.<br>- Желдетүү жана тазалоо графиги түзүлгөн.<br>- Мектеп ашканасы санитардык эрежелердин талаптарына жооп берет.Социалдык аралыкты сактоо боюнча столдор ылайыкталып коюлган.<br>- Ар бир тамактын алдында жана тамактан кийин тамактануучу столдорду дезинфекциялоочу каражаттардын жардамы менен тазалап туруу иши мектептин ашпозчусу Эмилбекова А. А га жүктөлгөн.<br>- Окуучуларды кабыл алганга чейин, жуугуч жана дезинфекциялоочу каражаттардын жардамы менен бардык кабинеттерди тазалоону жүргүзүүнү күн сайын жана ар бир сменадан кийин класстарды , залды жууп тазалоону анын ичинде эшиктердин тутказарын, жарыкты өчүрүп күйгүзгүчтү атайын каражаттар менен тазалоо.Даараткааналарды дез-у каражаттар менен тазалап турууну мектептин пол жуугучу(уборщица) Сулейманова Г. М га жүктөлгөн. |

| | |
|---|---|
| | - Ар бир сменадан кийин жана тыныгууларда дайыма класстык кабинеттерди желдетип туруу(күнүнө 15 мин 4-5 жолу) иштери предметтик мугалимдерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилген.<br>- Күз-кыш мезгилдеринде температуралык режимдин сакталышын камсыз кылуу иши операторлорго милдеттендирилген. |
| **Өздүк гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү** | Мектептин кире беришине тазалоочу каражаттар орнотулган жана ар бир кабинетте антисептикалык каражаттар коюлган.Колду жуучу жерде колду жуунун эрежелери боюнча постер илинген жана суюк самын коюлган. |
| **Аралыкты сактоо , көп адамдардын топтошуусунун алдын алуу** | Мектепке келүүчүлөрдүн (ата-энелер, ж.б) киришин чектөө боюнча мугалимдер жана ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. |
| **Окуу процессин уюштуруудагы талаптар** | Мектепте жалпы 112 окуучу билим алат. Класстардын саны 9.(1ден 7 ге чейинки)<br>1-сменде саат8ден 13.00гө чейин<br>2,4,5,6,$7^{а}$ -$7^{б}$- класстар окушат<br>2-сменде саат 13.15 тен 17.25 кечейин<br>1,3,$2^{б}$-класстар окушат |
| **Маалыматтык окутуу иштери** | Мектепте окуучулар, ата-энелер жана мектеп кызматкерлеринин арасында өздөрүн көзөмөлдөө жана жеке коргонуу каражаттарын колдонуу зарылдыгы жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн.Оорунун алдын алуу боюнча маалыматтар илинген. |
| | |